КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

БОСТЕРИ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

БОСТЕРИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

---

# БОСТЕРИ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫНЫН
# № 03 ТОКТОМУ

**31.10.2021** **Бостери айылы**

## *Жергиликтүү бюджеттен акча каражатын кароо жөнүндө*

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө " Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Бостери айыл аймагында Т.Атаев, Х.Жээнбаев орто мектептеринин жана А. Мамытов мектеп гимназиясынын капиталдык ремонт иштерине дем берүүчү салым катары жергиликтүү бюджеттен акча каражатын карап берүү тууралуу Бостери айыл өкмөтүнүн башчысы К.Сопуевдин 25.10.2022-ж № 01-31а/1244 катынын негизинде Бостери айылдык Кеңеши **Токтом кылат:**

1.Бостери айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетинин эсебинен үлүштүк дем берүүчү грантка өздүк салым катары "Жалпы билим берүү" бөлүмүнүн 3111–"Имараттар жана жайлар" элементинен төмөндөгү мектептердин капиталдык ремонт иштерине акча каражаты каралып берилсин:

- Бактуу Долоноту айылындагы "Т.Атаев орто мектебинин ички жарык системасын жаңыртуу үчүн 1140,0 (бир миллион бир жүз кырк миң) сом;
- Бостери айылындагы Х.Жээнбаев орто мектебине заманбап терезелерин орнотуу үчүн 2081,0 (эки миллион сексен бир мин) сом;
- Бостери айылындагы А.Мамытов мектеп гимназиясынын жылытуу жана ички жарык берүү системасын алмаштыруу үчүн 1638,0 миң (бир миллион алты жүз отуз сегиз мин) сом.

2.Токтомдун аткаруу жагын Бостери айыл аймагынын башчысы К.Сопуевге жана финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Р.Д.Джумадыловага милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, финансы, экономикалык инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Э.Усубалиев**

Сканировано с CamScanner